ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Жалал-Абад мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары,***
***e-mail: S-sakieva@mail.ru***

***Осмоналиева Сабира Чоёновна,***
***Жалал-Абад мамлекеттик университети,***
***улук окутуучу,***
***Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары***
***e-mail: Osmonalieva.sabira@gmail.com***

## ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН ОКУТУУГА АРНАЛГАН ЭМГЕК ЖӨНҮНДӨ

***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Жалал-Абадский государственный университет,***
***Кыргызская Республика, город Жалал-Абад,***
***e-mail: S-sakieva@mail.ru***

***Осмоналиева Сабира Чоёновна,***
***старший преподаватель,***
***Жалал-Абадский государственный университет,***
***Кыргызская Республика, город Жалал-Абад,***
***e-mail: Osmonalieva.sabira@gmail.com***

## О РАБОТЕ, ПОСВЯЩЕННОЙ ОБУЧЕНИЮ КУЛЬТУРЕ ПИСЬМА

***Sakieva Sayipzhamal Salaidinovna,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Jalal-Abad State University,***
***Kyrgyz Republic, Jalalabad city,***
***E-mail: S-sakieva@mail.ru***

***Osmonalieva Sabira Choenovna,***
***Senior Teacher,***
***Jalal-Abad State University,***
***Kyrgyz Republic, Jalalabad city,***
***E-mail: Osmonalieva.sabira@gmail.com***

## ABOUT WORK DEDICATED TO TEACHING THE CULTURE OF WRITING

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырууга арналган методикалар жөнүндө сөз болот. Белгилүү окумуштуу Б. Рысбекованын башталгыч класста жазуу сабагына арналган эмгегинин түзүлүшү, анын методикалык баалуулуктары талдоого алынган. Макалада эмгектеги башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятынын калыптандырууга арналган методиканын формалары, мазмуну, мааниси, түзүлүшү жөнүндө кенен анализ берилген. Жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча эмгектеги жазуунун принциптери, окуучулардын жазуунун техникасына үйрөтүүнүн методикасы, жазуунун ыкмалары, т.а. калем сапты туура кармоо, дептерге коюлуучу талаптар, басымсыз, аралыкта, бийиктикте, үзгүлтүксүз, басымсыз жазууну, тамгаларды жана сөздөрдү сапка туура жайгаштыруунун эрежелери, жазуу учурунда талап кылынуучу эрежелер, баш жана кичине тамгаларды жазууну үйрөтүүнүн методикасы, жазууга карата гигиеналык талаптарды үйрөтүүнүн системасы, аларды ишке ашыруу боюнча сабактын үлгүлөрү анализденип, эмгектин баалуулугу көрсөтүлгөн. Макаланын мазмуну ушул проблеманы изилдеген магистрлер, аспиранттар, докторанттарга арналган.*

***Аннотация:*** *В статье говорится о методах формирования культуры письма учащихся начальных классов. Проанализирована структура работы известного ученого Б. Рысбековой, посвященной уроку письма в начальной школе, её методическое значение. В статье дан подробный анализ форм, содержания, значения и структуры методики формирования культуры письма учащихся младших классов. Принципы письма в работе по формированию культуры письма, методика обучения учащихся технике письма, приемы письма и т.д. правильное ведение линии пера, требования к тетради, безударное, межстрочное, высоту, непрерывное, безударное письмо, правила правильного расположения букв и слов в строке, правила, необходимые при письме, методика обучения письму прописными и строчными буквами, система обучения гигиене требования к написанию. Были проанализированы образцы уроков по выполнению и показана ценность работы. Содержание статьи предназначено для магистров, аспирантов, докторантов, изучающих данную проблему.*

***Annotation:*** *The article talks about methods of developing a writing culture for primary school students. The structure of the work of the famous scientist B. Rysbekova, dedicated to a writing lesson in elementary school, and its methodological significance are analyzed. The article provides a detailed analysis of the forms, content, meaning and structure of the methodology for developing a writing culture for primary school students. Principles of writing in the work of developing a culture of writing, methods of teaching students writing techniques, writing techniques, etc. correct writing of the pen line, requirements for a notebook, unstressed, interlinear, height, continuous, unstressed writing, rules for the correct arrangement of letters and words in a line, rules necessary when writing, methods of teaching writing in upper and lowercase letters, hygiene teaching system, writing requirements, their. Sample implementation lessons were analyzed and the value of the work was shown. The content of the article is intended for masters, graduate students, and doctoral students studying this problem.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жазуу маданиятын калыптандыруу, жазуунун принциптери, жазуунун техникасы, жазуунун ыкмалары, жазуунун графикалык белгилери.*

***Ключевые слова:*** *формирование культуры письма, принципы письма, техника письма, способы письма, графические знаки письма.*

***Key words:*** *formation of a writing culture, principles of writing, writing techniques, methods of writing, graphic writing signs.*

**Киришүү.** Башталгыч класстагы жазуу сабагы аркылуу жазууга үйрөтүү ишке ашат. Жазуу сабагы аркылуу баланын кол жазма сулуулугу калыптанат, таза, сулуу, катасыз

жазууга үйрөнөт. Жазууга үйрөнүү менен окуучу тамганы, сөздү, сүйлөмдү жазууга калыптануу аркылуу орфографиялык, стилистикалык, пунктуациялык сабаттуулугун толуктайт. 90-жылдарга чейин таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы катары окулуп, анын элементтери, туура, үзгүлтүксүз, жантайынкы, аралыкта, доскага бор менен жазуунун формалары жана методдору окулду, практикаланды. Ал эми 90-жылдардан бери карай жазуу жазууга үйрөтүүнүн методикасы жазуу маданиятын калыптандыруу, жазуу ишмердүүлүгү менен биргеликте мектеп тажрыйбасында колдонула баштады. Башталгыч класста окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга арналган изилдөөлөр, аларды практикада колдонуунун проблемалары дайыма актуалдуу болуп келет. Жазууга коюлуучу талаптардын жыйындысы – жазуу маданиятын калыптандыруу болуп эсептелет. Жазуу маданиятын калыптандыруу көп убакытты талап кылат. Жазууга коюлуучу талаптардын практикалык түрүн ишке ашыруу менен окуучунун жазуу маданияты калыптанат. Жазуу маданиятын калыптандыруу 1-класстан баштап үйрөтүлө баштайт [1, 178].

Жазуу маданиятына ээ болуу – негизинен, эне тилин окутуудагы кеп ишкердигине ээ болуунун жыйынтыктоочу этабы. Жазуу иши өз алдынча методдор (даяр үлгү боюнча жазуу, генетикалык методдор) жана принциптер (көрсөтмөлүүлүк, аң-сезимдүүлүк, кайталоочулук, аз-аздан татаалдануу, жеке өзгөчөлүктү эске алуу, мурдагы алган билимине таянуу жана жазууну окуу менен бирдикте жүргүзүүчүлүк) боюнча жана да гигиеналык талаптарды эсепке алуу менен оң жакка жантайтып жазуу деген эрежелерге таянып, илимий негизде жүргүзүлөт. Бардык учурда таза, сулуу жазуу көңүлдүн борборун ээлейт [1, 178]. Жазууга үйрөтүү аркылуу жазуу маданиятын калыптандыруу маселеси буга чейин актуалдуу болуп келген жана болуп кала берет. Учурдагы башкы көйгөй – мугалимдер, физиологдор, методисттер жазууга үйрөтүүдөгү кыйынчылыктардын себептерин окуп-үйрөнүү менен окуучуну жазууга үйрөтүүнүн этаптарын, калыптандыруу көндүмдөрүн, аларды үйрөтүүдөгү баланын ден соолугуна тийгизген таасирин окуп-үйрөнүү башкы планга коюлат.

**Изилдөөнүн максаты** – жазууга үйрөтүүнүн методикасына, жазуу маданиятына арналган эмгектердин мазмунун салыштыруу.

**Изилдөөнүн милдети** – жазууга үйрөтүүнүн, жазуу маданиятына арналган эмгектерди анализдөө, аларга сунушталган материалдарды байкоо, окуу тажрыйбасына сунушталган технологияларын окуп-үйрөнүү, эмгектердин жаңыланган технологияларын окуу тажрыйбасына сунуштоо.

**Материалдар жана методдор**. Башталгыч класстардын окуучуларына жазууну үйрөтүүгө арналган эмгектердин өнүгүү баскычын карап көрөлүк. Биринчи этабы 1900-1920-жылдарды кучагына алат. Бул мезгилге революцияга чейинки басылган эмгектерди кошууга болот. Экинчи этабы 1920-50-жылдардагы калыптанышын кучагына алат. Бул мезгилдеги калыптануусунда И.Арабаев, К. Тыныстанов, С. Нааматов, Н. Макешов, М. Жаңыбаевдин эмгектери менен байланышкан. И. Арабаевдин «Жазуу жүзүндө саамалыгы» 1925-жылы басылган. Эмгек орфографиялык эрежелерди үйрөтүүгө арналган алгачкы методикалык окуу куралы болуп саналат.

Эмгектин мазмуну жана түзүлүшү эне тилин окутууга карата бир топ маанилүү методикалык кеңештерди бере алгандыгында. С. Нааматовдун «Тилибиздин методикасынан», «Балдар алип-бээсинин метод каты», «Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтмөсү», «Кыргыз тилинин методикалык көрсөтмөсү» аттуу методикалык эмгектеринин 30-жылдары жаралышы И. Арабаевдин «Жазуу жүзүндө саамалыгынан» кийинки жылдары жаралган эмгек болуп эсептелет. Бул эмгектер негизинен сабатка үйрөтүүнүн методикасына арналган. 30-жылдары жаралган эмгектердин ичинен өзгөчөлөнгөндөрдүн катарына Н. Макешов, М. Жаңыбаевдин «Туура жазууга көнүгүүлөрдүн жыйнагын» (1-4-класс) кошууга болот. Бул эмгектердин максаты-окуучулардын каллиграфиялык сабаттуу-

лугун арттыруу болгон. Таза жазууну үйрөтүүгө карата 1930-50-жылдары өзгөчө маани берилген. Окуу планында 1-4-класстарда жумасына бир сааттан таза жазуу сабагы киргизилип, аларды үйрөтүүгө карата мугалимдерге таза жазууга карата бир жумалык курс, аларды өткөрүүнүн методикалык иштелмелери сунуш кылынган. Мындай жумуштарды жүргүзүүнүн негизги максаты-баланын орфографиялык кат сабаттуулугун арттыруу болуп эсептелген [3, 180].

Башталгыч класстардын окуучуларынын таза жазуу сабагы аркылуу, жазууга үйрөтүүгө калыптандыруунун методикасын алгачкы жолу белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты Бурул Рысбекованын жетекчилиги менен басылып, мектеп тажрыйбасына сунушталган [2]. Эмгек 1972-жылы басылган. Эмгектин биринчи бөлүмү «Жазууга үйрөтүүнүн жаңы системасынын негизги принциптери», экинчи бөлүм «Окуучуларды жазуунун техникасына үйрөтүүнүн методикалык көрсөтмөлөрү», үчүнчү бөлүмү «Тамгалардын формасын калыптандыруунун үстүндө», төртүнчү бөлүмү «Жазууга карата гигиеналык талаптар» деп аталган. Эмгектин түзүлүшү ошол учурдагы окутуу системасына, замандын талабына жараша түзүлгөндүгүн белгилөөгө болот. Себеби, жазуу сабагы, баланы жазууга үйрөтүү – бул замандын талабына жараша технологиялар менен толукталып турат. Эмгектеги материалдарды талдоо менен биз мындай эмгектер өз учурунда баалуу жана маанилүү экендигин белгилеп кеткибиз келет.

Биринчи бөлүмдө окуучуларды сулуу жана таза жазууга үйрөтүүдө мугалимдин чымырканып иштөөсүнө жана графикалык көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүлүп туруусуна басым жасаган. Таза жазуу сабактарынын ыгына үйрөтүү – графикалык машыгуу көнүгүүлөрүн туура жана системалуу өткөрүүгө таандык. Анткени балдарды 1-класстан баштап таза жазууга үйрөтүү менен бирге, аларды машыгуунун тийиштүү деңгээлине да жетиштирүү керек экендигин баса белгилөө менен таза жазууга үйрөтүүдө графикалык белгилердин эрежелерин үйрөтүү сунуштаган. Ошону менен бирге графикалык түзүлүштөрдү үйрөнүү орфографияны өздөштүрүүгө багыттайт. Бала ар бир сөздү жазууда орфографиялык жана пунктуациялык белгилерди да кошо үйрөнөт деп айтууга болот.

1. Жазуунун кыймылы өтө жай өнүгөт, калыптанышы көрсөтүлүп, балдардын жазуусу өтө туруксуз келип, бул иш-аракетти калыптандырууга карата сызыктуу жазууну үйрөтүү принциби сунушталган.

2. Жазуу дептери менен иштөөдө жазуунун техникасын калыптандыруу каралат. Жазуу техникасына көнүгүү учурунда окуучулардын жетишкен ийгиликтерин эске алуу менен ар бир сабакта көзөмөлдөө – жазуу маданиятын калыптандыруунун бир булагы катарында сунушталган.

3. Жазуунун принциптерин калыптандырууда жазуу сабагында колдонулуучу методдор менен иштөө сабактын негизги принциби катарында бааланган. Буга тактикалык жана копиясын түшүрүү методдорун сунуштаган. Тактикалык метод – тамганы такт (саноо боюнча) жазууга үйрөтөт. Жазуу сабагындагы методдорду колдонуунун шарттары берилген.

Экинчи бөлүм окуучуларды жазуунун техникасына үйрөтүүнүн методикалык көрсөтмөлөрүнө арналган. Бул жөнүндо эмгекте «Окуучуларды жазууга үйрөтүүнүн биринчи күнүнөн баштап эле мугалимге төмөндөгүдөй бир топ милдеттер коюлган: окуучуларга партага туура олтурууну үйрөтүү, калем сапты туура кармоо, калем сапты туура пайдалануу, дептерди партага туура коюу, кыйгач багытты туура сактап, тамгалардын формасын туура келтирип жазуу» эрежелери берилген. Эмгекте жазуунун техникасынын төмөнкү эрежелери каралган [2].

**1. Калем сап менен жазуу.** Класста окуп жаткан окуучулардын баары тен бир типтеги калем сап менен жазуулары зарыл. Окуучунун калем сабы жеңил, ичке, жумуру анча кыска болбоого, калем саптын учу жабык жана катуу болуусу каралган.

**2. Басымсыз жазуу**. Калем сап менен жазууда басым түшүрүлбөй жазуу менен

мугалим өзү доскага бор менен бирдей жоондукта басымсыз жазууга үйрөтүү менен, бала мугалимдин жазуусунун үлгүсүнүн негизинде басымсыз жазууну үйрөтүү методикасы берилген [2, 18].

**3. Дептер жана ага коюлуучу талаптар**. Жазууга калыптандырууда дептердин сырткы көрүнүшүнө карап окуучунун аткарган жумушунун сапаты жөнүндө жана ошондой эле мугалимдин өзүнүн ишинин сапаты жөнүндө да баамдоого болот деген авторлордун оюн кубаттоого болот [2, 19]. Дептердин сакталышы, аткарган жумуштары мугалимдин чыгармачылыгына байланышкан. Дептер аркылуу баланын алгачкы кол жазмасы, жазуу көндүмү калыптана баштайт. Демек, дептерге төмөнкү талаптар коюлат.

1. Дептердин сырткы көрүнүшү бардык окуучулардыкы бирдей окшоштукта болууга тийиш. Дептердин сыртына окуу предметинин аты, классы, мектеби, окуучунун фамилиясы жана аты даана жазылууга тийиш.

2. Окуучунун класстык жана үйгө берилген тапшырмаларды жаза турган эки (алмашылма) дептери болуш керек.

3. Сөздүк жана жат жазуу дептери түзүлүш керек.

4. Жазуу учурунда кызыл сап (абзац) милдеттүү түрдө сакталат.

5. Дептер менен иштөөнүн методикасы берилген. Мында дептердин ар бир барагынын бетинин аягына чейин жеткириле толук жазылып, дептерге күндүн числосу жазылып, иштөөнүн формасы каралган [2, 23].

**4. Жантык жазуунун ыгына көнүктүрүү.** Балдар окуунун биринчи күнүнөн тартып эле жантык жазуунун ыгына үйрөтүлөт. Жантык жазууга көнүктүрүүнүн өзү дептердин партада коюлуш абалына байланыштуу болот. Жантык жазуунун ыкмасы. 1. Жазуу учурунда дептерди туура кармоо. 2. Жантык жазууну кандай түшүрүүнү билүү. 3. Жантык жана жантык эмес сызыктарды ажырата билүү. 4. Калем сапты өзүн көздөй тартып жазуу [2, 29].

**5. Доскага жазуу.** Досканы сабакта колдонуунун методикалык маселелери каралган [2, 29]. Досканын сабакта пайдалануунун жолдору, доска менен иштөөнүн ыкмасы каралган.

**6. Үзгүлтүксүз жазуу.** Колду кагаздан ажыратпай тамгаларды үзгүлтүксүз жазууга көнүктүрүү балдарды шамдагайлуулукка үйрөтөт. Үзгүлтүксүз жазуунун бир нече формалары берилген.

1. Колдун кыймылынын багыты боюнча мурдагы жазылган чийменин үстүнөн кайтадан бастырып жазуу аркылуу, б.а. солдон оңду көздөй айландырып жазуу.

2. Овал түрүндөгү тамгалардын ичинен *о, ө, ю* тамгалары өзүнөн кийинки тамгалар менен төмөн жагынан үзгүлтүксүз жазылышы.

3. Ал эми *с* жана *ж* тамгаларынын жарым овалдарын жазууда да жогору жагынан үзгүлтүксүз тынбай кайталанып жазылуучу ыкма колдонулат.

4. Эгер *о-ө-ю*-дан кийинки келүүчү тамгалар жогору жагынан үзгүлтүксүз жазууну талап кылган учурда да жогорудагыдай ыкма пайдаланылат.

**7. Сөздөрдө, сүйлөмдөрдө тамгалардын бийиктигин бирдей тегиздикте жазууга үйрөтүү.** Мында баш жана кичине тамгалардын жазууда алардын бийиктигин, аралыгын сактап жазуунун формалары жана методдору каралган.

**8. Тамгаларды жана сөздөрдү сапка туура жайгаштыруу.** Бул багытта сабатка үйрөтүүнүн биринчи күнүнөн баштап эле балдарды саптагы тамгалардын, муундардын жана сөздөрдүн арасынан бирдей аралыктар калыптанып жазылышына маалымат берилип, мында эң алгач чекиттерди, таякчаларды жазууну үйрөтүп жаткан мезгилден баштап эле, таякчалардын арасындагы ачык аралыктардын бир келки калтырылышы, сүйлөмдөгү сөздөрдүн аралыктары бирибиринен канчалык алыстыкта болушун мугалим доскага жазуу менен көрсөтүү сунушталган.

**9. Жазуу учурунда талап кылынуучу эрежелердин курамы.** 1-класстын жазуу процесси менен тикеден-тике байланышкан эрежелерге төмөнкүлөр сунушталган:

1. Жазууда сөздөгү тамгалардын жантык багытын сактоо.

2. Тез жана сулуу жазууга машыгуу.

3. Калем сапты кагаздан ажыратпай муун боюнча үзгүлтүксүз жазуу.

4. Сулуу жазууга машыгуу жана жетишүү. «Сулуу жазууга машыгуу» эрежесин сактоо алар менен иштөөнүн эрежелери берилген.

**Үчүнчү, төртүнчү бөлүмдөр** тамгалардын формасын калыптандыруунун үстүндө иштөөгө арналган. Жазуу сабагындагы баш жана кичине тамгалардын жазылышы, аларды үйрөтүүнүн методикасына жазууга карата гигиеналык талаптарга арналган.

Жогоруда окумуштуунун балдарды жазууга үйрөтүүнү калыптандыруучу сабак, сабакта колдонулуучу формалар, методдор аркылуу гана ишке ашырыла тургандыгы байкалат. Демек, бала сабакта туура, катасыз, жантык, үзгүлтүксүз, бийиктикте, аралыкта жазуунун жолдорун доска, бор аркылуу жазууну, жазуу сабагындагы гигиеналык талаптарды аткарууну, дептерди туура кармоону үйрөнүүсү баса көрсөтүлгөн. Эмгектин мазмуну түзүлүшү ошол мезгилдеги балдардын талабын аткара алгандыгы менен баалуу. Ал эми Каратай Сартбаевдин эмгектеринде жазууга үйрөтүүдө орфографиялык эрежелерди үйрөтүүгө басым жасалган. Ар бир эреженин оозеки жана жазуу формалары орфографиялык эрежелер аркылуу үйрөтүүнү баса белгилеген. Жазууга үйрөтүүнүн методикасынын ар бир эрежеси орфографиялык көндүмдөрдү үйрөтүүгө байланышкан [7, 19].

Бирок учурда – бул методиканы кеңейтип, толуктап, балдардын талабына жараша технологияларды колдонууну иштеп чыгуу талап кылынууда. Мындай эмгектер учурда сунушталып, мектеп тажрыйбасында колдонулуп жатат. Ал эми жазуу маданияты, анын элементтери жөнүндө белгилүү окумуштуу, профессор С.К. Рысбаевдин эмгектеринде сунушталып келе жатат.

Окумуштуунун эмгектеринде жазууга үйрөтүү кеңири формада колдонулуу менен ал жазуу маданиятын калыптандыруу менен маанилүү экендигин белгилейт «Эгер жазуу маданиятын жазууга коюлган бардык фонетикалык, орфографиялык жана стилдик талаптардын синтези (жыйындысы) болсо, анда ал өзүнө мүнөздүү компонеттерден турат» деген пикирине кошулууга болот [1, 178]. Ал эми жазуу маданиятын калыптандыруу – окуучунун жазуу жумуштарын баалоо тамгалардын өз элементи менен бири-бири менен туура жалганып жазылышы эске алынат, демек, жазуу маданиятына төмөнкү талаптар коюлат:

- жазуунун кооздугу, сулуулугу;
- тамга элементтеринин туура сакталышы;
- тамгалардын бири-бири менен тыгыз жалганып уланышы;
- тамгалардын бир эле ык менен жантайынкы, жумуру тартылып, бирдей чоңдукта, аралыктары иреттүү орун алышы;
- фонетикалык, грамматикалык, пунктуациялык жана стилдик аталардын кетирилбегендиги;
- тексттин ички тематикалык-композициялык табиятына жараша абзацтарды туура сактоо;
- текстке ат коюуда анын ички мазмунуна туура келиши [1, 179].

Демек, бул талаптарды ишке ашырууда окуучунун калем сабына да өзгөчө маани берилүүгө тийиш. Ошондуктан жазуу сабагында окуучунун калем сабы жакшы жаза турган болуусу жазуу маданиятынын бирден-бир эрежеси катары каралууга тийиш. Ал эми жазуу жумуштарын уюштурууда мугалим төмөнкү эки эрежени туура сактоосу зарыл экендигин белгилөөгө болот: 1. Жазуу эрежелеринин аткарышында, жазуу убакытын жалпы класс боюнча бир эле убакта бирдиктүү интерактивдүү түрдө иштөөгө жетишүүнү колго алуу. Экинчиден, окуучунун өз катасын өзү үйрөтүүчү, машыктыруучу жат жазуу жумуштары аркылуу камсыз кылууну көзөмөлдөө маанилүү. Үчүнчүдөн, сапаттуу, катасыз жазууну камсыздоо үчүн окуучунун өз алдынча иштөөсүн ишке ашыруу маанилүү болуп эсептелет [1, 180].

Учурда жазуу маданиятын калыптандырууда интерактивдүү досканы пайдалануу практикаланып келүүдө. Интерактивдүү технологияларды колдонуу билим берүү системасында кадимки көрүнүшкө айланып баратат. Интерактивдүү доскалар сыяктуу интерактивдүү жабдуулар окуучулардын билимге ээ болушуна туруктуу мотивация жаратып, окуу көйгөйлөрүн чыгармачылык менен чечүүгө жардам берет, ошону менен окуучулардын элестүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Интерактивдүү досканы колдонуу менен презентацияларды көрсөтүүгө, моделдерди түзүүгө, окуучуларды материалды өздөштүрүү процессине активдүү тартууга, сабактын темпин жана агымын жакшыртууга болот. Электрондук доска балдарга доскадагы коркуу жана уялуу сезимин жеңүүгө жардам берет жана аларды окуу процессине оңой тартат. Интерактивдүү досканы колдонуу чоң көрүнүктүүлүгүнөн улам окуу процессине балдардын көңүлүн бурууга мүмкүндүк берет жана мотивацияны жогорулатат. Интерактивдүү доскада иштөөдө окуучулардын концентрациясы жакшырып, окуу материалы тез өздөштүрүлүп, натыйжада ар бир окуучунун көрсөткүчтөрү жакшырып, заманбап билим деңгээлин сапаттык жактан жакшыртат.

Интерактивдүү досканын окуучулар үчүн мүмкүнчүлүктөрү:

• сабактарды кызыктуу кылып, мотивацияны өнүктүрөт;

• командада иштөөгө катышууга, жеке жана коомдук көндүмдөрдү өнүктүрүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берет;

• окуучулар материалды так, эффективдүү жана динамикалуу баяндоонун натыйжасында татаал маселелерди оңой кабыл алышат жана түшүнүшөт;

• окутуунун ар кандай стилдерине жол ачат, мугалимдер белгилүү бир муктаждыктарга ыңгайлашып, ар кандай ресурстарды пайдалана алышат;

• окуучулар чыгармачыл жана ишенимдүү болуп иштөөгө калыптанат.

**Корутунду.** Белгилүү окумуштуу Б. Рысбекова, А. Папакова тарабынан түзүлгөн жазууга үйрөтүүнүн методикасына арналган алгачкы эмгек катарында башталгыч билим берүүнүн системасында окуп-үйрөнүлүп келе жатат. Эмгекте жазуу сабагынын мааниси, максаты, милдети терең талдангандыгы байкалат. Жазуу сабагынын 1-класстын окуучусуна кабыл алган күндөн баштап, жазууга үйрөтүү чекит, сызык менен башталып, алар акырындап тамганын белгилери, элементтери аркылуу үйрөтүүнүн методикасы иштелген. Окуу методикалык колдонмо жазуу сабагынын моделин сунуштай алган. Тактап айтканда, жазууга үйрөтүүнүн принциптери, аларды колдонуунун шарттары, жазуунун техникасын үйрөтүү, мында калем сапты туура кармоо, калем сап менен иштөө, басымсыз, үзгүлтүксүз, бийиктикте, аралыкта, жантык жазуунун формалары жана методдору, жазуу сабагында колдонулуучу методдордун бөтөнчөлүгү, доскага жазуу, сөздү, сүйлөмдү дептерге жазуунун методикасы, жазуу сабагынын эрежелери, баш жана кичине тамгалардын жазылышы, овалдуу жана жарым овалдуу тамгаларды жазуунун методикасы, жазуу сабагынын гигиеналык талаптары кыргыз башталгыч класстарынын методикасында алгачкы жолу иштелген. Жалпы сөз менен айтканда, жазууга үйрөтүүнүн методикасынын сабатка үйрөтүүнүн даярдоо, алиппе, алиппеден кийинки мезгилдеги иштеринин модели сунушталып, аларды колдонуунун практикалык бөлүгү терең иштелгендиги менен баалуу. Ал эми замандын талабына жараша окумуштуу сунуштаган методикаларды окутуунун технологиялары аркылуу өркүндөтүп колдонуу керек деп айтууга болот.

***Адабияттар:***

1. Рысбаев С.К. Окуучунун окуу жана жазуу ишмердиги. – Бишкек, 2014. – 2-том. – 178 б.
2. Рысбекова Б., Папакова А. Жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн. – Фрунзе, 1972
3. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Тобокелова С.А. Кыргыз тилин окутуудагы традиция жана инновация (2-макала). –

Известия вузов. – 2005. – №4, – 180-181-бб.

4. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын үйрөтүүнү калыптандырууну үйрөтүүнүн актуалдуулугу. Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим берүү мекемеси «Россия мамлекеттик социалдык университетинин» Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. – 2023. – № 1 (27), – С. 211-217.
5. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары. Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим берүү мекемеси «Россия мамлекеттик социалдык университетинин» Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. – 2023. – № 1 (27), – С. 204-210.
6. Сакиева С.С., Мокуева Н.Ш. Каратай Сартбаев – окуучулардын жазуу маданиятын калыптандырууну изилдеген окумуштуу. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2023. – № 1 (54). – С. 192-196.
7. Сакиева С.С., Орозбаева А.Ы. Башталгыч класстарда орфографиялык материалдарды окутуунун изилдениши: окутулушу, тажрыйбасы. – Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – №2 (48), – С. 19-23.
8. Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1965.

***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***